ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезексиз отурумунун

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*5-июль, 2025-жыл.*

| | |
|---|---|
| *Төрага* | Б.А. Азимов |
| *Окумуштуу катчы* | З.Ж. Мурзакматова |

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 37 (27 офлайн, 10 онлайн) мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. Билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландарын талкуулоо *(Баяндамачылар: институттун кафедра башчылары);*

2. Ар түрдүү маселелер.

**УГУЛДУ:** кеңешменин төрагасы, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 3-5 минутага чейин жана жарыш сөзгө чыккандарга, талкууларга 3 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.**

**УГУЛДУ:** Институтта окутулуп жаткан төмөнкү багыттар боюнча билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландарын талкуулоо жана тармактык комитетке сунуштоо:

1. 550200 Физика-математикалык билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура) жана Билим берүүдөгү менеджмент (магистратура);
2. 510100 “Математика” (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
3. 710100 “Информатика жана эсептөө техникасы” (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
4. 710400 “Программалык инженерия” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан));
5. 710200 “Информациялык системалар жана технологиялар” (магистратура);
6. 700500 “Мехатроника жана робототехника” (бакалавриат (күндүзгү));
7. 510200 “Колдонмо математика жана информатика” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
8. 710300 “Колдонмо информатика” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
9. 590100 “Маалыматтык коопсуздугу” (бакалавриат (күндүзгү));
10. 510700 “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрлөө” (бакалавриат (күндүзгү));
11. 510400 "Физика" (магистратура).

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* институтта окутулуп жаткан ар бир багыт боюнча жаны стандарттарды түзүү жана аны талкуулоо боюнча тиешелүү жумушчу топтор жана тармактык комитет түзүлүп, иш алып барышты. Стандарттар бир нече жолу текшерилип, жаны стандарттар иштелип чыкты. Билим берүү программаларынын жаны стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландары иштелип чыгып, бир канча жолу текшерүүдөн өтүп, талкууланып, тиешелүү кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралган. Бүгүн биз бул маселени дагы бир жолу институттун Окумуштуулар кеңешинде талкуулап, тармактык комитетке сунуштасак.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* 2025-жылдын 24-июнунда ОшМУнун №4 Окуу-усулдук бирикмесинин координациялык кеңешининин отурумунда ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан төмөндөгү билим берүү стандарттары толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү кийирүү менен ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталган жана Окумштуулар кеңеши тарабынан бекитилген:

*13 Жогорку кесиптик билим берүү багыттары (бакалавриат/специалитет, магистратура)*

| № | Шифр | Багыттар/адистиктер |
|---|---|---|
| 1. | 510100 | Математика (бакалавр, магистратура) |
| 2. | 510200 | Колдонмо математика жана информатика (бакалавр, магистратура) |
| 3. | 550200 | Физика математикалык билим берүү (бакалавр, магистратура) |
| 4. | 710100 | Информатика жана эсептөө техникасы (бакалавр, магистратура) |
| 5. | 710200 | Информациялык системалар жана технологиялар (магистратура) |
| 6. | 710300 | Колдонмо информатика (бакалавр, магистратура) |
| 7. | 590100 | Маалымат коопсуздугу (бакалавр) |
| 8. | 710400 | Программалык инженерия (бакалавр) |
| 9. | 510700 | Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо (бакалавр) |
| 10. | 700500 | Мехатроника жана робототехника (бакалавр) |
| 11. | Экспер. | Математика жана компьютердик илимдер (бакалавр) |
| 12. | 510400 | Физика (магистратура) |
| 13. | Экспер. | Билим берүүнүн менеджмети (магистратура) |
| | | |

Эксперименталдык окуу пландар 2024-2025-окуу жылы түзүлүп, 1-курстарга сунушталган.

Бакалавр үчүн 240 кредит каралып, базалык план 3 блоктон (дисциплиналар, практика, ЖМА), 3 циклдан (ЖББЦ, ЖКББЦ, КББЦ)), 3 топтон (А, В, С) турат.

**1.2-тиркеме**

**Бакалавр даражасы боюнча педагогикалык эмес багыттардын базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү**

| Билим берүү программасынын структурасы | | | Билим берүү программасынын блокторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | «А» | «В» | «С» |
| 1-блок | Дисциплиналар | | 202-216 кредит | | |
| | Циклдер | Жалпы билим берүү цикли | | 24 кредит | |
| | | **Кесиптик цикл** | 178-192 кредит | | |
| | | Жалпы кесиптик билим берүү цикли | - | 8 кредит (20-25%) | - |
| | | Кесиптик билим берүү цикли | 40%-50% | 25%-30% | 25%-30% |
| 2- блок | Практика | | 20-30 кредит | | |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | | 4-8 кредит | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | 240 кредиттен кем эмес | | |

Эскертүү: Жалпы кесиптик дисциплинар циклинин "В" тобу - бекитилген 8 кредитти кошкондо 20-25 %· түзөт.

Магистратура үчүн 120 кредит каралып, базалык план 3 блоктон (дисциплиналар, практика, ЖМА), 2 циклдан (ЖИББЦ, КББЦ)), 3 топтон (А, В, С) турат.

**2.1-тиркеме**

**Магистр даражасы боюнча базалык окуу планын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү**

| Билим берүү программасынын структурасы | | | Билим берүү программасынын блокторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | «А» | «В» | «С» |
| 1-блок | Дисциплиналар | | 70-85 кр. | | |
| | Циклдер | Кесиптик чөйрөдөгү чет тили | | | |
| | | Илимдин философиялык, концептуалдык көйгөйлөрү | | | |
| | | **Кесиптик цикл** | | | |
| | | Кесиптик дисциплиналар | 40%-50% | 25%-30% | 25%-30% |
| 2-блок | Практикалар жана изилдөө (өндүрүштүк-технологиялык) иши | | 30-40 кр. | | |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | | 5-10 кр. | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | 120 кредиттен кем эмес | | |

Учурда «Билим берүүдөгү менеджмент» магистрдик билим берүү программасы 580200 «Менеджмент» багытынын профили катары бүтүрүүчүлөрдү даярдап келет. Бул программа 2018-жана 2023-жылдары программалык аккредитациядан 2 жолу өтүп, сертификатка ээ болгон.

2025-2026-окуу жылынан баштап «Билим берүүдөгү менеджмент» өзүнчө багыт катары билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү максатында ОшМУда өз алдынча билим берүү стандарты иштелип чыкты. Ал стандарттын негизинде эксперименталдык окуу планы даярдалды. 2025-2026-окуу жылына кабыл алынган магистранттар ушул эксперименталдык план менен окушат.

Андан сырткары институттун бардык кафедра башчыларынын билдирүүлөрү угулду.

**ТАЛКУУ:** *М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доцентти):* ар бир кафедрада тиешелүү багыттар боюнча билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландары түзүлүптүр. Менин оюмча базалык окуу пландар бардыгы стандарттарга туура келип, бир канча текшерүүдөн өтсө, анда жакшы иштер аткарылыптыр.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* беш жолу тармактык комитетте талкууланып, ар бир кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралып жана ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүп, талкуулаганбыз.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* бүгүнкү маселе абдан маанилүү, базалык окуу пландарын абдан тыкканттык менен реалдуу кароо керек. Менде мындай суроо бар: “Физмат билим берүү (математика, информатика профили), “Колдонмо математика жана информатика” багытындагы базалык окуу пландарында математикалык бөлүгү кандай болду?

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* “Физмат билим берүү (математика, информатика профили) багытынын I цикл. Жалпы билим берүү цикли, анын 5 предмети гуманитардык сабактар, II цикл. Кесиптик билим берүү цикли, мында педагогика, психология, курак психологиясы, БЖД ж.б. кирет. III цикл. Кесиптик дисциплиналар цикли мында математикага, физикага, информатикага тиешелүү дисциплиналар кошулган.

*Т.М. Жолдошов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент):* колдонмо математика жана информатика багытындагы математикага байланышкан дисциплиналар мурункудай эле калган. Базалык окуу планынын II циклинде математиканы окутуунун методикасы, функционалдык анализ, МФТ, математикалык анализ, сандык усулдар баары мурункудай эле калды.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* колдонмо математика жана информатика багытындагы дифференциалдык теңдемелер дисциплинасынан сабак беремин, өткөн жылы сааттары кыскарып кеткен. Андан кийин квалификациялык жумуштардын математикалык бөлүгү да кыскарып кеткен. МГУнун бакалавр КМИ багытынын стандартын алып, ошону менен иштешсеңер жакшы болот эле.

*Т.М. Жолдошов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент):* колдонмо математика жана информатика программасын мамлекеттик стандарттын негизинде карап чыктык. Математикага тиешелүү бөлүгү ошол бойдон калды. Программалоо бөлүгү гана акыркы заманбап дисциплиналар кошулуп өзгөрдү.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландары тиешелүү кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралган. Андан сырткары ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүшүп, талкуулашкан. Анда бул сунушту тармактык комитетке сунуштай берсек болот.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

1. ОшМУда иштелип чыккан стандарттардын негизинде түзүлгөн төмөнкү базалык окуу пландары боюнча кафедра башчыларынын билдирүүлөрү эске алынсын:
    1. 550200 Физика-математикалык билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура) жана Билим берүүдөгү менеджмент (магистратура);
    2. 510100 “Математика” (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
    3. 710100 “Информатика жана эсептөө техникасы” (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
    4. 710400 “Программалык инженерия” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан));
    5. 710200 “Информациялык системалар жана технологиялар” (магистратура);
    6. 700500 “Мехатроника жана робототехника” (бакалавриат (күндүзгү));
    7. 510200 “Колдонмо математика жана информатика” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
    8. 710300 “Колдонмо информатика” (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
    9. 590100 “Маалыматтык коопсуздугу” (бакалавриат (күндүзгү));
    10. 510700 “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрлөө” (бакалавриат (күндүзгү));
    11. 510400 "Физика" (магистратура).

2. Иштелип чыккан базалык окуу пландарда "А", "В" , "С" топтордогу жана жалпы кредит чектөөлөрү сакталгандыгы белгиленсин жана жактырылсын;

3. Институтта окутулуп жаткан багыттар боюнча билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн төмөнкү базалык окуу пландары физика-математикалык, инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетке кароого сунушталсын:

1. 550200 Физика-математикалык билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура) жана Билим берүүдөгү менеджмент (магистратура);
2. 510100 "Математика" (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
3. 710100 "Информатика жана эсептөө техникасы" (бакалавриат (күндүзгү), магистратура);
4. 710400 "Программалык инженерия" (бакалавриат (күндүзгү, сырттан));
5. 710200 "Информациялык системалар жана технологиялар" (магистратура);
6. 700500 "Мехатроника жана робототехника" (бакалавриат (күндүзгү));
7. 510200 "Колдонмо математика жана информатика" (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
8. 710300 "Колдонмо информатика" (бакалавриат (күндүзгү, сырттан), магистратура);
9. 590100 "Маалыматтык коопсуздугу" (бакалавриат (күндүзгү));
10. 510700 "Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрлөө" (бакалавриат (күндүзгү));
11. 510400 "Физика" (магистратура).

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценти У.А. Сопуев жана ИСП кафедрасынын доценттери А.М. Токторбаев, Абдумиталип уулу К. тарабынан даярдалган "Параболалык жана эллиптикалык теңдемелерди чыгаруу" аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доцентти У.А. Сопуев жана ИСП кафедрасынын доценттери А.М. Токторбаев, Абдумиталип уулу К. тарабынан даярдалган "Параболалык жана эллиптикалык теңдемелерди чыгаруу" окуу колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Ошондуктан авторлорго сөз берели.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* бул окуу колдонмо кыргыз тилинде жазылып, математикалык физиканын главаларын чагылдырган лекциялык курс. Ошондой эле окуу колдонмо окутуучуларга, студент-магистранттар үчүн пайдалуу окуу куралы болот деген ойдомун. Сиздерден бул окуу колдонмону басмадан чыгарууну колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*А.А. Абдилазизова (математикалык анализ кафедрасынын башчысы, доцент):* жогорудагы авторлор тарабынан даярдалган "Параболалык жана эллиптикалык теңдемелерди чыгаруу" окуу колдонмо КРнын жогорку окуу жайларында математиканы окутуунун мамлекеттик стандартына ылайык студенттер үчүн түзүлгөн колдонмо болуп эсептелинет. Бул колдонмо жарыкка чыкса студенттерге пайдалуу окуу колдонмо болот деп ойлоймун.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана ЧЕЧИМ кылды:

1. Жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценти У.А. Сопуев жана ИСП кафедрасынын доценттери А.М. Токторбаев, Абдумиталип уулу К. тарабынан даярдалган "Параболалык жана эллиптикалык теңдемелерди чыгаруу" аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоосун ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык мааракесине арналган 200 беттүү китепти басмага чыгарууну сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* институттун математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык мааракесине арналган 200 беттүү китепти басмага чыгарууну сунуштоо үчүн МИОТжББМ кафедрасынан билдирүү келип түштү. Анда МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, профессор Аида Осконовнага сөз берели.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* өзүңүздөргө белгилүү болгондой 2025-жылдын 12-13-сентябрь күндөрү математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын 75 жылдыгына арналган юбилейлик мааракесин өткөрүүнү пландаштырып жатабыз. Юбилейлик маарекеге карата "Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнага – 75 жаш" аттуу 200 барактан турган китеп чыгарууну пландап жатабыз. Ал китепке Мейликан Алтыбаевнанын жакындары, эжекенин замандаштары, чогуу иштеген кесиптештери жана окуучуларынын эжеке жөнүндө ой-пикирлери, эжекенин басып өткөн жолу ж.б. ой-толгоолору чагылдырылат. Ошондуктан, бул сунушту колдоп беришиңиздерди суранамын.

*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценттти):* жакшы сунуш экен, биз эжекенин замандаштары толук колдойбуз жана ал китепке биз дагы эжеке жөнүндө ойлорубузду билдиребиз.

*И.Г. Кенжаев (энергетика кафедрасынын профессору):* Мейликан Алтыбаевнанын 75 жылдыгына арналган юбилейлик мааракесин өткөрүү үчүн атайын китеп чыгарууну пландашытырып жакшы иш алып барып жатат экенсиңер. Мейликан Алтыбаевна ОшМУ үчүн, математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасы үчүн аябай алгылыктуу иштерди жасаган. Мен дагы бул сунушту толук колдоймун.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

1. Математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык мааракесине арналган 200 беттүү китепти басмага чыгаруу сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова